| **9.2**. Өзгөчө тартипте дене тарбия багыты боюнча улук окутуучу бош кызмат ордун ээлөө үчүн өткөрүлүүчү конкурска төмөндөгүдөй талаптарга жооп берген талапкерлерге катышууга жол берилет:<br>- ЖОЖдордо 7 жылдан кем эмес педагогикалык иш стажы бар;<br>- тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы жогорку кесиптик билими бар адистер;<br>- өзүнүн иш чөйрөсүндө жеке жетишкендиктери бар;<br>- акыркы 5 жылдын ичинде КРдин илимий, илимий-педагогикалык кадрларын аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан рецензиялануучу илимий басылмалардын тизмесине кирген басылмаларда жарыяланган кеминде 5 илимий-методикалык эмгекке ээ болгон, анын ичинде ОшМУнун жарчысы – 1, Scopus жана Web of Science системалары | **9.2.** В порядке исключения для факультета физического воспитания в конкурсе на замещение вакантной должности старшего преподавателя могут быть допущены кандидаты, которые отвечают следующим требованиям:<br>- имеют стаж педагогической работы в вузах не менее 7 лет;<br>- специалисты с высшим профессиональным образованием соответствующего профиля и квалификации;<br>- имеют личные достижения в своей области деятельности;<br>- является автором не менее 5 научных работ за последние 5 лет, опубликованных в изданиях, которые входят в перечень рецензируемых научных изданий уполномоченного государственного органа в области аттестации научных и научно-педагогических кадров Кыргызской Республики, в том числе в Вестнике ОшГУ – 1, не менее 1 научной статьи в периодическом |

| | |
|---|---|
| тарабынан индекстелген мезгилдүү илимий басылмаларда жарыяланган кеминде 1 илимий макаласы бар же болбосо Scopus маалымат базасында индекстелген журналдарда жарыялоого кабыл алынган илимий эмгектер бар экендигин тастыктаган расмий документтерге (редакциялар менен болгон расмий кат алышууларга, билдирүүлөргө же башка негиздемелерге) ээ болушу зарыл. | научном издании, индексируемом системами Scopus, Web of Science либо имеет официальные подтверждающие документы (переписку, уведомления редакций или иные обоснования), свидетельствующие о принятии научных работ к публикации в журналах, индексируемых в базе Scopus. |
| 10. Бош окутуучулук кызмат орундарын ээлөөгө конкурска төмөндөгүлөр катыша алышат:<br>- илимдин доктору, кандидаты, PhD/профиль боюнча философия доктору (чет мамлекеттерде алынган квалификациялык документтери нострификацияланган болуш керек) окумуштуулук даражасы бар же жогорку билимдүү тиешелүү квалификациядагы адистер;<br>- Кыргыз Республикасынын илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын рецензияланган илимий басылмаларынын тизмесине кирген басылмаларда акыркы 5 жыл ичинде жарыяланган кеминде 5тен кем эмес жарык көргөн илимий, окуу жана методикалык эмгектери, анын ичинде ОшМУ Жарчысында – 2 бар. | 10. В конкурсе на замещение вакантных должностей преподавателя могут участвовать:<br>- специалисты соответствующей квалификации, имеющие ученую степень доктора, кандидата наук, PhD/доктора философии по профилю (квалификационные документы, полученные в иностранных государствах, проходят процедуру нострификации) или высшее образование;<br>- имеющие не менее 5 научных, учебно-методических трудов, опубликованных в изданиях, которые входят в перечень рецензируемых научных изданий уполномоченного государственного органа в области аттестации научных и научно-педагогических кадров Кыргызской Республики, из них должны быть изданы в Вестнике ОшГУ – 2. |
| 11. Бош ассистенттик кызмат орундарын ээлөөгө конкурска илимдин кандидаты, PhD/профиль боюнча философия доктору (чет мамлекеттерде алынган квалификациялык документтери нострификацияланган болуш керек) окумуштуулук даражасы же жогорку билими жана ЖОЖдо 1 жылдан кем эмес илимий-педагогикалык иш стажы бар адистер катыша алышат. | 11. В конкурсе на замещение вакантных должностей ассистента могут участвовать специалисты, имеющие ученую степень кандидата наук, PhD/доктора философии по профилю (квалификационные документы, полученные в иностранных государствах, проходят процедуру нострификации) или высшее образование и научно-педагогический стаж работы в вузе не менее 1 года. |
| **Университеттин окуу жана башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерин тандоо жана дайындоо тартиби** | **Порядок отбора и назначения руководителей учебных и иных структурных подразделений Университета** |
| 12. Университетте окуу структуралык түзүмдөрүнүн жетекчилеринин кызмат орундары (факультеттердин декандары, | 12. В Университете должности руководителей учебных структурных подразделений (деканы факультетов, директора |

| | |
|---|---|
| институттардын, жогорку мектептердин жана колледждердин директорлору) жана башка структуралык түзүмдөрүнүн жетекчилери, кафедра/бөлүмдөрдүн башчылары дайындалуучу кызмат орундары болуп саналат жана эмгек келишимдерин түзүү убактысына карабастан, 65 жашка чейинки (65 жашты кошо алганда) адамдар дайындалат. Көрсөтүлгөн кызмат орундарын ээлеп турган жана белгиленген куракка жеткен адамдар Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына жана билим берүү жөнүндө мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте жана учурларда, алардын квалификациясына ылайык башка кызмат орундарына которулат.<br>Окуу жана башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерин дайындоодо ушул Жобонун 12-пунктунун колдонулушу төмөнкү өзгөчө учурларда жайылтылбайт:<br>- КРдин Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденттери жана академиктери;<br>- университеттин илимий-педагогикалык кызматкерлердин Scopus жана/же Web of Science эл аралык базалары боюнча илимийметрикалык көрсөткүчтөрү TOP 10–20 деңгээлине шайкеш келген учурларда.<br>12.1. Университеттин окуу структуралык түзүмдөрдүн жетекчилери (факультеттердин декандары, институттардын, филиалдардын жана департаменттердин директорлору, жогорку мектептердин жана колледждердин директорлору), ошондой эле башка структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери жана кафедралардын/бөлүмдөрдүн башчылары төмөнкү негиздер боюнча ректордун буйругу менен дайындалат:<br>- иштеп жаткан кафедранын/бөлүмдүн башчылары үчүн, окуу структуралык түзүмүнүн Окумуштуулар кеңешинин сунуштамасы, негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн (мындан ары – KPI) аткарылышы боюнча протоколдон көчүрмө; | институтов, директора высших школ и колледжей) и других структурных подразделений, заведующих кафедр/отделений являются назначаемыми и подлежат замещению лицами в возрасте до достижения 65 лет (включительно), независимо от времени заключения трудового договора. Лица, занимающие указанные должности и достигшие установленного возраста, подлежат переводу на иные должности, соответствующие их квалификации, в порядке и случаях, предусмотренных трудовым законодательством Кыргызской Республики и законодательством об образовании.<br>При назначении руководителей учебных и иных структурных подразделений действие 12 пункта настоящего положения не распространяется на:<br>- членов-корреспондентов и академиков Национальной академии наук Кыргызской Республики;<br>- научно-педагогических работников университета, чьи наукометрические показатели по данным международных баз Scopus и/или Web of Science соответствуют уровню TOP 10–20.<br>12.1. Руководители учебных структурных подразделений (деканы факультетов, директора институтов, филиалов и департаментов, директора высших школ и колледжей) и других структурных подразделений, заведующих кафедр/отделений Университета назначаются приказом ректора на основании:<br>- для действующих заведующих кафедрой/отделения рекомендация Ученого совета структурного учебного подразделения, оформленная выпиской из протокола о выполнении ключевых показателей эффективности (далее – KPI); |

| | |
|---|---|
| - иштеп жаткан окуу структуралык түзүмдөрүнүн жетекчилери үчүн, KPIларды аткаруунун жыйынтыктары боюнча ОшМУнун конкурстук комиссиясынын протоколунан көчүрмө;<br>- алгачкы жолу дайындалып жаткан талапкерлер үчүн, тиешелүү окуу структуралык түзүмүнүн Окумуштуулар кеңешинин сунуштамасы талап кылынбайт;<br>- талапкер тарабынан тапшырган документтердин ушул жободо белгиленген талаптарга шайкештигин тастыктаган ОшМУнун конкурстук комиссиясынын протоколу.<br>Ректордун буйругу менен дайындалган кафедра/бөлүм башчылары, окуу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери менен Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык окуу процессинин өзгөчөлүгүн жана кызмат ордун конкурстук негизде ээлөө тартибин эске алуу менен бир окуу жылынан ашпаган мөөнөткө мөөнөттүү эмгек келишими түзүлөт. | - для действующих руководителей учебных структурных подразделений выписка из протокола конкурсной комиссии о выполнении KPI;<br>- для впервые назначаемых кандидатов рекомендации Ученого совета соответствующего структурного учебного подразделения не требуются;<br>- протокола конкурсной комиссии ОшГУ о соответствии представленных документов кандидата требованиям, установленным настоящим положением.<br>С лицами, назначенными приказом ректора на должности заведующих кафедрами/отделениями и руководителей учебных структурных подразделений, в соответствии с трудовым законодательством Кыргызской Республики, с учетом особенностей организации образовательного процесса и конкурсного порядка замещения должности, заключается срочный трудовой договор на срок, не превышающий одного учебного года. |
| 12.2. KPIлары канааттандырарлык деңгээлде аткарылгандыгы жөнүндө белгиленген тартипте тастыкталган учурда, Университеттин ректору буйруктун негизинде конкурсту жарыялабай туруп, окуу структуралык түзүмдүн жетекчиси менен бир окуу жылына мөөнөттүү эмгек келишимин түзүүгө укуктуу. Мындай келишимде тиешелүү окуу жылына белгиленген KPIларды аткаруу шарты каралат жана ал Университеттин Уставына жана локалдык ченемдик актыларына ылайык түзүлөт.<br>Башка учурларда Университеттин Уставына, ушул жобого жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, тиешелүү кызмат ордун ээлөө үчүн ректордун буйругу менен конкурс жарыяланат. | 12.2. В случае удовлетворительного выполнения KPI, подтверждённого в установленном порядке, ректор Университета на основании приказа вправе без объявления конкурса заключить с руководителем учебного структурного подразделения срочный трудовой договор сроком на один учебный год с условием выполнения KPI, установленных на соответствующий учебный год, в соответствии с Уставом Университета и локальными нормативными правовыми актами.<br>В иных случаях, в соответствии с Уставом Университета, настоящим положением и действующим законодательством Кыргызской Республики, приказом ректора объявляется конкурс на замещение соответствующей должности. |
| 12.3. Окуу түзүмдүк бөлүмдүн аталышын өзгөртүү, ошондой эле аны кайра уюштуруу, анын ичинде мурда иштеп келген бөлүмдүн | 12.3. Переименование учебного подразделения, а равно его реорганизация, включая создание на базе ранее существовавшего |

| | |
|---|---|
| базасында эки же андан көп жаңы түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүү жетекчилик кызмат ордун ээлөөнүн чектелген мөөнөтүн кайра кароого негиз болуп саналбайт. Бир эле адам бир эле түзүмдүк бөлүмдө жетекчилик кызмат ордун 10 (он) жылдан ашык катары менен ээлөөгө укуктуу эмес. | подразделения двух и более новых структурных подразделений, не влекут пересмотра предельного срока замещения руководящей должности. Одно и то же лицо не вправе замещать руководящую должность в одном и том же структурном подразделении более 10 (десяти) лет подряд. |
| 13. Кафедра/бөлүмдүн башчысынын бош кызмат ордун ээлөөгө конкурска төмөнкү талапкерлер катыша алат: | 13. В конкурсе на замещение вакантной должности заведующего кафедрой/отделения могут участвовать: |
| - тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы жогорку кесиптик билими бар, илимий даражасы жана/же илимий наамы бар адистер (*окумуштуулук наамынын болушу артыкчылыктуу болуп саналат*); | - специалисты с высшим профессиональным образованием соответствующего профиля и квалификации, имеющих ученую степень и/или ученое звание *(наличие ученого звания является приоритетным);* |
| **- айрым учурларда:** медициналык багыттагы клиникалык кафедралар үчүн тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы жогорку кесиптик билими бар адистер, дипломдон кийинки окутуунун тиешелүү профили, окумуштуулук даражасы, тармак боюнча окумуштуулук наамы *(окумуштуулук наамынын болушу артыкчылыктуу болуп саналат)*, кафедранын профилине ылайык иш тажрыйбасы бар; | **- в отдельных случаях:** для клинических кафедр медицинских направлений специалисты с высшим профессиональным образованием соответствующего профиля и квалификации, соответствующего профиля последипломного обучения, ученую степень, ученое звание по отрасли (наличие ученого звания является приоритетным), опыт работы соответствующий профилю кафедры; |
| - илимий-педагогикалык иш стажы 10 жылдан кем эмес, анын ичинен 7 жылдан кем эмес жогорку окуу жайларында; | - имеющие стаж научно-педагогической работы - не менее 10 лет, из них не менее 7 лет в высших учебных заведениях. |
| - акыркы 5 жылдын ичинде КРдин илимий, илимий-педагогикалык кадрларын аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан рецензияланууучу илимий басылмалардын тизмесине кирген басылмаларда жарыяланган кеминде 7 илимий-методикалык эмгекке ээ болгон, анын ичинде ОшМУнун жарчысы – 2, Scopus жана Web of Science системалары тарабынан индекстелген мезгилдүү илимий басылмаларда жарыяланган кеминде 2 илимий макаласы бар же болбосо Scopus маалымат базасында индекстелген журналдарда жарыялоого кабыл алынган илимий эмгектер бар экендигин тастыктаган расмий | - является автором не менее 7 научных работ за последние 5 лет, опубликованных в изданиях, которые входят в перечень рецензируемых научных изданий уполномоченного государственного органа в области аттестации научных и научно-педагогических кадров Кыргызской Республики, в том числе в Вестнике ОшГУ – 2, не менее 2 научных статей в периодических научных изданиях, индексируемых системами Scopus, Web of Science либо имеет официальные подтверждающие документы (переписку, уведомления редакций или иные обоснования), свидетельствующие о принятии научных работ к публикации в |

| | |
|---|---|
| документтерге (редакциялар менен болгон расмий кат алышууларга, билдирүүлөргө же башка негиздемелерге) ээ болушу зарыл.<br>- университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунушталган окуу китебинин/окуу-методикалык колдонмонун авторлору (авторлоштору).<br>- окуу процессин, илимий-изилдөө, методикалык жана тарбиялык ишмердүүлүктү уюштуруу үчүн зарыл болгон жалпы талаптарды, кафедра/бөлүм башчысынын функционалдык милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткарууну, ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү колдонулуп жаткан мыйзамдарын билүүсү. Тестирлөө конкурстук комиссиянын катышуусунда жүргүзүлөт.<br>13.1. Өзгөчө тартипте искусство жана дене тарбия багыттары боюнча кафедранын/бөлүмдүн башчысынын бош кызмат ордун ээлөөгө өткөрүлүүчү конкурска төмөндөгүдөй талаптарга жооп берген талапкерлерге катышууга жол берилет:<br>- ЖОЖдордо 7 жылдан кем эмес педагогикалык иш стажы болушу;<br>- тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы жогорку кесиптик билими бар адистер (*окумуштуулук даражасынын болушу артыкчылыктуу болуп саналат*);<br>- өзүнүн иш чөйрөсүндө жеке жетишкендиктери болсо (ушул Жобонун 7.2., 7.3. пункттарына ылайык);<br>- акыркы 5 жылдын ичинде КРдин илимий, илимий-педагогикалык кадрларын аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан рецензияланууучу илимий басылмалардын тизмесине кирген басылмаларда жарыяланган кеминде 6 илимий-методикалык эмгекке ээ болгон, анын ичинде ОшМУнун жарчысы – 2, Scopus жана Web of Science системалары тарабынан индекстелген мезгилдүү илимий басылмаларда жарыяланган кеминде 2 илимий макаласы бар же болбосо Scopus | журналах, индексируемых в базе Scopus.<br>- авторы (соавторы) учебника/учебно-методическое пособия, рекомендованные Ученым советом университета.<br>- знание общих требований, необходимых для организации учебного процесса, научной, методической и воспитательной работы, для выполнения функциональных обязанностей заведующего кафедрой/отделения, а также действующее законодательство Кыргызской Республики в сфере образования. Тестирование проводится в присутствии конкурсной комиссии.<br>13.1. В порядке исключения в конкурсе на замещение вакантной должности заведующего кафедрой/отделения по направлению искусства и физической культуры могут быть допущены кандидаты, которые отвечают следующим требованиям:<br>- имеют стаж педагогической работы в вузах не менее 7 лет;<br>- специалисты с высшим профессиональным образованием соответствующего профиля и квалификации (*наличие ученой степени является приоритетным*);<br>- имеют личные достижения в своей области деятельности (см. пункты 7.2., 7.3. данного положения);<br>- является автором не менее 6 научных работ за последние 5 лет, опубликованных в изданиях, которые входят в перечень рецензируемых научных изданий уполномоченного государственного органа в области аттестации научных и научно-педагогических кадров Кыргызской Республики, в том числе Вестник ОшГУ – 2, не менее 1 научной статьи в периодическом научном издании, индексируемом системами Scopus, Web of Science либо имеет официальные подтверждающие документы |

| | |
|---|---|
| маалымат базасында индекстелген журналдарда жарыялоого кабыл алынган илимий эмгектер бар экендигин тастыктаган расмий документтерге (редакциялар менен болгон расмий кат алышууларга, билдирүүлөргө же башка негиздемелерге) ээ болушу зарыл. | (переписку, уведомления редакций или иные обоснования), свидетельствующие о принятии научных работ к публикации в журналах, индексируемых в базе Scopus. |
| - окуу процессин, илимий-изилдөө, методикалык жана тарбиялык ишмердүүлүктү уюштуруу үчүн зарыл болгон жалпы талаптарды, кафедра/бөлүм башчысынын функционалдык милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткарууну, ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү колдонулуп жаткан мыйзамдарын билүүсү. Тестирлөө конкурстук комиссиянын катышуусунда жүргүзүлөт. | - знание общих требований, необходимых для организации учебного процесса, научной, методической и воспитательной работы, для выполнения функциональных обязанностей заведующего кафедрой/отделения, а также действующее законодательство Кыргызской Республики в сфере образования. Тестирование проводится в присутствии конкурсной комиссии. |
| Бир эле адам ошол эле кафедрада/бөлүмдө кафедранын/бөлүмдүн башчысы катары жалпы эсеп менен (в совокупности) он жылдан ашык мөөнөткө иш жүргүзө албайт (башкара албайт) (ушул жобонун 12-пункту жетекчиликке алынат). | Одно и то же лицо не может осуществлять деятельность (руководить) заведующего кафедрой/отделения более десяти лет в совокупности на одной и той же кафедре/отделении (руководствуйтесь пунктом 12 данного положения). |
| 13.2. Ушул жободо жана Университеттин локалдык ченемдик актыларында белгиленген талаптарга шайкеш келген башка талапкерлер жок болгон учурда, тиешелүү окуу структуралык түзүмдүн жетекчисинин мотивдештирилген билдирүүсүнүн жана Окумуштуулар кеңешинин сунуштамасынын (KPI аткарылышы жөнүндө протоколдон көчүрмө) негизинде ректор учурда кафедра/бөлүмдүн башчысы кызматын ээлеп турган адамдын кызматта болуу мөөнөтүн бир окуу жылынан ашпаган мөөнөткө узартууга (кайра дайындоо) укуктуу. | 13.2. В случае отсутствия иных кандидатов, соответствующих требованиям, установленным настоящим положением и локальными нормативными актами Университета, на основании мотивированного представления руководителя и рекомендации Ученого совета (выписка из протокола о выполнении KPI) соответствующего учебного структурного подразделения ректор Университета вправе продлить срок пребывания на должности заведующего кафедрой/отделения лицо, замещающего указанную должность, на срок, не превышающий одного учебного года. |
| 14. Окуу структуралык түзүмдүн жетекчисинин (факультеттин деканы, институттун директору, жогорку мектептин директору) кызмат ордуна конкурска төмөндөгүлөр катыша алышат: | 14. В конкурсе на замещение должности руководителя учебного подразделения (декан факультета, директор института, директор высшей школы) могут учавствовать: |
| - илимий даражасы жана/же илимий наамы бар тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы адистер (*окумуштуулук наамдын болушу артыкчылыктуу болуп саналат*); | - специалисты соответствующего профиля и квалификации, имеющие ученую степень и/или ученое звание (*наличие ученого звания является приоритетным*); |
| - илимий-педагогикалык иш стажы 10 жылдан кем эмес, анын | - имеющие стаж научно-педагогической работы – не менее 10 |

| | |
|---|---|
| ичинде жогорку окуу жайларында 7 жылдан кем эмес;<br>- акыркы 5 жылдын ичинде КРдин илимий, илимий-педагогикалык кадрларын аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан рецензиялануучу илимий басылмалардын тизмесине кирген басылмаларда жарыяланган кеминде 7 илимий-методикалык эмгекке ээ болгон, анын ичинде ОшМУнун жарчысы – 2, Scopus жана Web of Science системалары тарабынан индекстелген мезгилдүү илимий басылмаларда жарыяланган кеминде 2 илимий макаласы бар же болбосо Scopus маалымат базасында индекстелген журналдарда жарыялоого кабыл алынган илимий эмгектер бар экендигин тастыктаган расмий документтерге (редакциялар менен болгон расмий кат алышууларга, билдирүүлөргө же башка негиздемелерге) ээ болушу зарыл.<br>- ЖОЖдун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген окуу китебинин/усулдук колдонмонун авторлору/авторлоштору.<br>- окуу процессин, илимий-изилдөө, методикалык жана тарбиялык ишмердүүлүктү уюштуруу үчүн зарыл болгон жалпы талаптарды, окуу структуралык түзүмдүн жетекчисинин функционалдык милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткарууну, ошондой эле КРдин билим берүү чөйрөсүндөгү колдонуудагы мыйзамдарын билүү. Тестирлөө конкурстук комиссиянын катышуусунда жүргүзүлөт.<br>Бир эле адам ошол эле окуу структуралык түзүмүндө окуу структуралык түзүмдүн жетекчиси катары жалпы эсеп менен (в совокупности) он жылдан ашык мөөнөттө иш жүргүзө албайт (жетекчилик кыла албайт) (ушул жобонун 12-пункту жетекчиликке алынат).<br>14.1. Ушул жободо жана Университеттин локалдык ченемдик актыларында белгиленген талаптарга шайкеш келген башка талапкерлер жок болгон учурда, Университеттин ректору окуу структуралык түзүмдүн жетекчиси кызматын ээлеп турган адамдын | лет, из них в высших учебных заведениях не менее 7 лет.<br>- является автором не менее 7 научных работ за последние 5 лет, опубликованных в изданиях, которые входят в перечень рецензируемых научных изданий уполномоченного государственного органа в области аттестации научных и научно-педагогических кадров Кыргызской Республики, в том числе в Вестнике ОшГУ – 2, не менее 2 научных статей в периодических научных изданиях, индексируемых системами Scopus, Web of Science либо имеет официальные подтверждающие документы (переписку, уведомления редакций или иные обоснования), свидетельствующие о принятии научных работ к публикации в журналах, индексируемых в базе Scopus.<br>- авторы/соавторы учебника/учебно-методическое пособия, утвержденные Ученым совета вуза.<br>- знание общих требований, необходимых для организации учебного процесса, научной, методической и воспитательной работы, а также действующее законодательство Кыргызской Республики в сфере образования для выполнения функциональных обязанностей руководителя учебного структурного подразделения. Тестирование проводится в присутствии конкурсной комиссии.<br>Одно и то же лицо не может осуществлять деятельность (руководить) руководителя учебного структурного подразделения более десяти лет в совокупности в одном и том же учебном структурном подразделении (руководствуйтесь пунктом 12 данного положения).<br>14.1. В случае отсутствия иных кандидатов, соответствующих требованиям, установленным настоящим положением и локальными нормативными актами Университета, ректор Университета вправе продлить срок пребывания на должности |

| | |
|---|---|
| кызматта болуу мөөнөтүн бир окуу жылынан ашпаган мөөнөткө узартууга укуктуу. | руководителя учебного структурного подразделения лицо, замещающего указанную должность, на срок, не превышающий одного учебного года. |
| 14.2. Колледждин директору кызмат ордун ээлөөгө өткөрүлүүчү конкурска төмөндөгү талаптарга жооп берген талапкерлер катыша алышат:<br>- уюштуруу-башкаруу ишинде тажрыйбасы бар тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы адистер (*окумуштуулук даражасынын болушу артыкчылыктуу*);<br>- илимий-педагогикалык иш стажы 10 жылдан кем эмес, анын ичинде жогорку, орто окуу жайларында 7 жылдан кем эмес болуш керек.<br>- акыркы 5 жылдын ичинде КРдин илимий, илимий-педагогикалык кадрларын аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан рецензиялануучу илимий басылмалардын тизмесине кирген басылмаларда жарыяланган кеминде 5 илимий-методикалык эмгекке ээ болгон, анын ичинде ОшМУнун жарчысы – 2, Scopus жана Web of Science системалары тарабынан индекстелген мезгилдүү илимий басылмаларда жарыяланган кеминде 1 илимий макаласы бар же болбосо Scopus маалымат базасында индекстелген журналдарда жарыялоого кабыл алынган илимий эмгектер бар экендигин тастыктаган расмий документтерге (редакциялар менен болгон расмий кат алышууларга, билдирүүлөргө же башка негиздемелерге) ээ болушу зарыл.<br>- ЖОЖдун Окумуштуулар кеңеши сунуштаган окуу китебинин/окуу-методикалык колдонмонун авторлору/ авторлоштору.<br>- окуу процессин, илимий-изилдөө, методикалык жана тарбиялык ишмердүүлүктү уюштуруу үчүн зарыл болгон жалпы талаптарды, окуу структуралык түзүмдүн жетекчисинин функционалдык милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткарууну, ошондой эле КРдин | 14.2. В конкурсе на замещение должности директора колледжа колледжа могут учавствовать кандидаты отвечающие следующим требованиям:<br>- специалисты соответствующего профиля и квалификации, имеющие опыт работы в организационно-управленческой деятельности (*наличие ученой степени является приоритетным*);<br>- имеющие стаж научно-педагогической работы - не менее 10 лет, из них в высших, средних учебных заведениях должен быть не менее 7 лет.<br>- является автором не менее 5 научных работ за последние 5 лет, опубликованных в изданиях, которые входят в перечень рецензируемых научных изданий уполномоченного государственного органа в области аттестации научных и научно-педагогических кадров Кыргызской Республики, в том числе в Вестнике ОшГУ – 2, не менее 1 научных статей в периодических научных изданиях, индексируемых системами Scopus, Web of Science либо имеет официальные подтверждающие документы (переписку, уведомления редакций или иные обоснования), свидетельствующие о принятии научных работ к публикации в журналах, индексируемых в базе Scopus.<br>- авторы/соавторы учебника/учебно-методическое пособия, рекомендованные Ученым совета вуза.<br>- знание общих требований, необходимых для организации учебного процесса, научной, методической и воспитательной работы, а также действующее законодательство Кыргызской Республики в сфере образования для выполнения функциональных |

| | |
|---|---|
| билим берүү чөйрөсүндөгү колдонуудагы мыйзамдарын билүү. Тестирлөө конкурстук комиссиянын катышуусунда жүргүзүлөт. | обязанностей руководителя учебного структурного подразделения. Тестирование проводится в присутствии конкурсной комиссии. |
| Колледждердин директорлору талапкердин документтеринин белгиленген талаптарга шайкештиги жөнүндө ОшМУнун конкурстук комиссиясынын сунуштамаларынын негизинде ректордун буйругу менен дайындалат. | Директора колледжей назначаются приказом ректора на основании рекомендаций конкурсной комиссии ОшГУ о соответствии документов кандидата установленным требованиям. |
| Бир эле адам ошол эле колледжде колледждин директорунун ишмердүүлүгүн жалпы эсеп менен (в совокупности) он жылдан ашык мөөнөттө иш жүргүзө албайт (жетекчилик кыла албайт) (ушул жобонун 12-пункту жетекчиликке алынат). | Одно и то же лицо не может осуществлять деятельность (руководить) руководителя учебного структурного подразделения более десяти лет в совокупности в одном и том же учебном структурном подразделении (см. пункт 12 данного положения). |
| 14.3. Ушул жободо жана Университеттин локалдык ченемдик актыларында белгиленген талаптарга шайкеш келген башка талапкерлер жок болгон учурда, ректор колледждин директору кызматын ээлеп турган адамдын кызматта болуу мөөнөтүн бир окуу жылынан ашпаган мөөнөткө узартууга укуктуу. | 14.3. В случае отсутствия иных кандидатов, соответствующих требованиям, установленным настоящим положением и локальными нормативными актами Университета, ректор Университета вправе продлить срок пребывания на должности директора колледжа лицо, замещающего указанную должность, на срок, не превышающий одного учебного года. |
| 15. Окуу структуралык түзүмдүн жетекчисинин өтүнүч каты (билдирүүсү) боюнча ректор профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарына айрым категориядагы адамдар менен конкурс өткөрбөстөн бир окуу жылдык мөөнөткө же академиялык жылга, бир академиялык семестрге эмгек келишимин түзүүгө укуктуу. Бир окуу жылына эмгек келишими түзүлүүчү адамдардын категорияларына төмөнкүлөр кирет: | 15. По ходатайству (рапорту) руководителя учебного структурного подразделения ректор имеет право заключать трудовой договор сроком на один учебный или академический год, один академический семестр без проведения конкурса с отдельными категориями лиц на вакантные должности профессорско-преподавательского состава. К категориям лиц, с которыми заключается трудовой договор на один учебный год, относятся: |
| - окутуучулук ишмердүүлүгүн негизги иш менен айкалыштырууну каалаган өндүрүштө тикелей эмгектенген адис-практиктер;<br>- саат төлөмү менен иштеп жаткан окутуучулар;<br>- пенсия жашындагы окутуучулар;<br>- 3 жашка чейинки бала багуу өргүүсүнөн кийин ишке чыккан | - специалисты-практики, работающие непосредственно на производстве, желающие совместить преподавательскую деятельность с основной работой;<br>- преподаватели, работающие в условиях почасовой оплаты;<br>- преподаватели пенсионного возраста (см. примечание);<br>- преподаватели после отпуска по уходу за детьми до 3 лет; |

| | |
|---|---|
| окутуучулар;<br>- Университеттин миссиясын, перспективалык жана стратегиялык максаттарын, милдеттерин, стратегиялык пландарын, жаңы билим берүү программаларын ж.б. ишке ашыруу үчүн чакырылган окутуучулар, илимий, илимий-техникалык жана дистанттык технологияларды колдонуу менен иштеген кызматкерлерди кошкондо;<br>- экономиканын реалдуу секторлорунан, өнөр жайларынан, агрардык, финансылык, укуктук, интернет индустрияларынан, бир тараптуу адистиги боюнча, сейрек адистигинен ж. б. тартылган эксперт-практиктер.<br>***Эскертүү:*** Пенсия курактагы окутуучулар менен бош кызмат орду болгон учурда бир окуу жылынан ашпаган мөөнөткө мөөнөттүү эмгек келишими түзүлүшү мүмкүн. Кызмат ордун ээлөө мөөнөтүн келерки окуу жылында узартуу үчүн ушул жободо белгиленген тартипте конкурстук тандоодон ийгиликтүү өткөн шартта гана жол берилет.<br>16. Профессордук-окутуучулук курам менен бир окуу жылына түзүлгөн келишим окуу жылынын аягында анын жарактуулук мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу бузулат.<br>17. Өзүнүн кесиптик милдеттерин тийиштүү түрдө аткарган шартта кафедра/бөлүм башчысынын, факультеттин деканынын, институт, жогорку мектептин директорлорунун (түзүмдүк окуу бөлүмүнүн жетекчисинин) өтүнүч каты жана адистин макулдугу менен Университеттин ректору тарабынан келишим жаңы окуу жылына кайра түзүлүшү мүмкүн. | - преподаватели, научные, научно-технические работники приглашенные для реализации миссии, перспективных и стратегических целей, задач, стратегических планов Унивесритета, новых образовательных программ т.п. и включая работников, осуществляющих деятельность с использованием дистанционных технологий;<br>- эксперты-практики, задействованные в реальных секторах экономики, промышленной, аграрной, финансовой, правовой, интернет индустрии, узкой специализации, редкой специальности и др.<br>***Примечание:*** С преподавателями пенсионного возраста при наличии вакантной должности может быть заключён срочный трудовой договор на срок, не превышающий одного учебного года. Дальнейшее (последующее) продление срока замещения должности допускается исключительно при условии успешного прохождения ими конкурсного отбора в порядке, установленном настоящим положением.<br>16. Договор, заключенный с профессорско-преподавательским составом на один учебный год, в конце учебного года расторгается в связи с истечением срока его действия.<br>17. При условии надлежащего выполнения своих профессиональных обязанностей, по ходатайству заведующего кафедрой/отделения, декана факультета, директоров института и высшей школы (руководителя структурного учебного подразделения) и с согласия специалиста, ректором Университета договор может быть перезаключен на новый учебный год. |
| **Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын бош кызмат орундарын ээлөө тартиби**<br>19. Учурдагы окуу жылынын аягында ректор тарабынан келерки | **Порядок замещения вакантных должностей профессорско-преподавательского состава Университета**<br>19. В конце текущего учебного года ректор утверждает график |

| | |
|---|---|
| окуу жылында кызмат ордунун мөөнөтү аяктап жаткан профессорлордун, доценттердин, улук окутуучулардын, окутуучулардын (ассистенттердин) бош кызмат орундарын келерки окуу жылына ээлөөгө конкурс өткөрүү графиги бекитилет. Бул график тийиштүү окуу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерине AiDoc аркылуу жөнөтүлөт, алар жаңы иштөө мөөнөтүнө кайра шайланууга тийиш болгон жана конкурска катышууга каалоосу бар адамдарга маалыматты тааныштырууга милдеттүү.<br>Бош кызмат орундары пайда болгон учурда конкурс өткөрүү графигине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жол берилет.<br>20. Профессорлордун, доценттердин, улук окутуучулардын, окутуучулардын бош кызмат орундарын ээлөө жөнүндө конкурс Университет бекиткен графикке ылайык жалпыга маалымдоо каражаттарында, ОшМУнун сайттарында жарыяланат.<br><br>21. Университеттин штаттык жадыбалында жарым же толук көлөмдөгү штаттык бирдик катары каралган бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс жарыялоо жөнүндө чечимди ректор кабыл алат.<br><br>22. Университеттин профессордук-окутуучулук курамындагы бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс жөнүндө жарыяда төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:<br>- бош кызмат ордундун толук аталышы;<br>- конкурстун катышуучуларына коюлуучу талаптар;<br>- конкурска катышуу үчүн керек болгон документтердин тизмеси;<br>- документтерди тапшыруу мөөнөтү;<br>- документ кабыл алган жер, дареги жана байланыш телефондору.<br>23. Документтерди тапшыруунун акыркы мөөнөтү конкурс жөнүндө жарыя жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган күндөн тартып бир айды түзөт. | проведения конкурса на замещение вакантных должностей на предстоящий учебный год: профессоров, доцентов, старших преподавателей, преподавателей (ассистентов), срок пребывания которых на должностях истекает в предстоящем учебном году. Данный график доводится до сведения руководителей соответствующих структурных учебных подразделений по AiDoc, которые должны ознакомить лиц, переизберающихся на новый срок работы и желающих учавствовать в конкурсе.<br>В случае возникновения вакантных должностей допускается внесение изменений в график проведения конкурса.<br>20. Конкурс объявляется в средствах массовой информации, на сайте ОшГУ согласно утвержденному Университетом графику на переизбрание профессоров, доцентов, старших преподавателей и преподавателей, срок пребывания которых на должностях истекает в предстоящем учебном году.<br>21. Решение об объявлении конкурса на замещение вакантных должностей, предусмотренных штатным расписанием Университета в объеме полной или неполной штатной единицы, принимает ректор.<br>22. В объявлении о конкурсе на замещение вакантных должностей профессорско-преподавательского состава Университета указываются:<br>- полное наименование вакантной должности;<br>- требования, предъявляемые к участникам конкурса;<br>- перечень документов, необходимых для участия в конкурсе;<br>- срок подачи документов;<br>- адрес, место приема документов и контактные телефоны.<br>23. Срок подачи документов составляет один месяц со дня опубликования объявления о конкурсе в средствах массовой информации. |

| | |
|---|---|
| Профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын, ошондой эле окуу жана башка структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилеринин кызмат орундарын ээлөөгө талапкерлерден документтерди кабыл алуу расмий түрдө конкурс (шайлоо) өткөрүү жөнүндө жарыя жарыяланган күндөн кийинки күндөн тартып эсептелген 30 календардык күндүн ичинде жүргүзүлөт жана белгиленген мөөнөттүн акыркы жумуш күнүндө саат 17:00дө (иш убактысы кыскартылган күндөрү – саат 16:00дө) аяктайт.<br>Эгерде көрсөтүлгөн мөөнөттүн акыркы күнү дем алыш же иш күнүнө кирбеген майрамдык күнгө туш келсе, документтерди кабыл алуунун акыркы күнү катары андан кийинки биринчи жумуш күнү эсептелет.<br>24. Конкурска катышуу үчүн төмөндөгү документтер тапшырылат:<br>- ректордун атына арыз (үлгү боюнча)<br>- кафедранын чечиминен көчүрмө (токтом кылуучу бөлүгү үлгү боюнча)<br>- кафедранын отурумунун бүтүмү (үлгү боюнча)<br>- илимий-методикалык эмгектеринин тизмеси (маалымат жеке кабинетинен алынат)<br>- «Окутуучу студенттердин көз карашы менен» деп аталган анкетирлөө жыйынтыгы (маалымат жеке кабинетинен алынат)<br>25. ОшМУда иштебеген талапкерлер үчүн иш кагаздардын тизмеси:<br>- ректордун атына арыз;<br>- кадрларды эсепке алуу боюнча толтурулган өздүк баракча сүрөтү менен;<br>- резюме, мурунку иштеген жеринен мүнөздөмө-сунуштама;<br>- жарыяланган илимий эмгектердин жана ойлоп табуулардын, ошондой эле окуу-методикалык куралдардын тизмеси; | Приём документов от претендентов на замещение должностей профессорско-преподавательского состава, а также руководителей учебных и иных структурных подразделений осуществляется в течение 30 календарных дней со дня, следующего за днём официального опубликования объявления о проведении конкурса (выборов), и завершается в 17:00 часов (в 16:00 часов – при сокращённом рабочем дне) последнего рабочего дня установленного срока.<br>В случае если последний день указанного срока приходится на выходной либо нерабочий праздничный день, днём окончания приёма документов считается первый следующий за ним рабочий день.<br>24. Для участия в конкурсе представляются следующие документы:<br>- заявление на имя ректора (по образцу)<br>- выписка из решения кафедры (постановляющая часть по образцу)<br>- заключение заседания кафедры (по образцу)<br>- список научно-методических трудов (используются данные из личного кабинета)<br>- результаты анкетирования «Преподаватель глазами студентов» (используются данные из личного кабинета)<br>25. Перечень документов для кандидатов, не работающих в ОшГУ:<br>- заявление на имя ректора;<br>- заполненный личный листок по учету кадров с фотографией;<br>- резюме, характеристика-рекомендация с прежнего места работы;<br>- список опубликованных научных трудов и изобретений, а также учебно-методических пособий; |

| | |
|---|---|
| - билими, илимий наамдары жана даражалары, квалификациясын жогорулатуу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү, эмгек китепчесинин, сыйлыктарынын күбөлүктөрүнүн жана башка документтердин нотариалдык же иштеген жериндеги кадр кызматы тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү.<br>26. Профессор, доцент жана улук окутуучу кызмат орундарын ээлөөгө арыз берген адамдардын документтери тиешелүү кафедранын/бөлүмдүн жыйынында кафедранын профессордук-окутуучулук курамынын толук катышуусу менен, ошондой эле жарыяланган вакансттык кызмат ордун ээлөө үчүн документтерин тапшырган талапкерлердин катышуусунда, ушул жободо белгиленген талаптарга шайкештигин аныктоо максатында, алгачкы кароодон өткөрүлөт.<br>Мында талапкер тиешелүү кызмат ордун ээлеп турган мурунку мезгилдеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары боюнча отчет берет.<br>Кафедранын/бөлүмдүн жыйынында ар бир талапкер боюнча штаттык окутуучулардын ачык добушу менен жөнөкөй көпчүлүк добушу аркылуу сунуштама менен корутунду кабыл алынат, ал жыйын өткөндөн кийин үч жумуш күндүн ичинде ОшМУнун конкурстук комиссиясынын кароосуна берилет.<br>27. Кафедра/бөлүм башчысы, факультеттин деканы, институттун директору, жогорку мектептин директору жана колледждин директору ваканттык кызмат орундарын ээлөө үчүн арыз берген адамдардын документтери ОшМУнун конкурстук комиссиясында каралат.<br>28. Конкурска берилген документтерди алдын ала талдоо жана Окумуштуулар кеңешинде кароо үчүн сунуштамаларды даярдоо үчүн Университеттин ректору тарабынан бир окуу жылына конкурстук комиссия түзүлөт. | - копии документов об образовании, ученых званиях и степенях, повышении квалификации, копии трудовой книжки, удостоверений наград и других документов, заверенные нотариально или кадровой службой по месту работы.<br>26. Документы лиц, подавших заявления на замещение вакантных должностей профессора, доцента и старшего преподавателя, подлежат первичному рассмотрению на заседании соответствующей кафедры/отделения с участием всего профессорско-преподавательского состава кафедры, с участием претендентов, подавших документы на замещение объявленной вакантной должности, в целях установления их соответствия требованиям настоящего положения.<br>При этом кандидат отчитывается о результатах своей профессиональной деятельности за предыдущий период замещения соответствующей должности.<br>На заседании кафедры/отделения по каждому кандидату принимается заключение с рекомендацией открытым голосованием простым большинством голосов штатных преподавателей, которое представляется на рассмотрение конкурсной комиссии ОшГУ в течение трех рабочих дней после проведения заседания кафедры.<br>27. Документы лиц, подавших заявления на замещение вакантные должности заведующего кафедрой/отделения, декана факультета, директора института, директора высшей школы, директора колледжа рассматриваются на конкурсной комиссии ОшГУ.<br>28. Для предварительного анализа поданных на конкурс документов и подготовки рекомендаций для рассмотрения на Ученом совете, ректором Университета формируется конкурсная комиссия на один учебный год. |

| | |
|---|---|
